Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссия
Кыргыз Республикасы

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛООЛОР ЖӨНҮНДӨГҮ МЫЙЗАМДАРЫН БУЗГАНДЫК ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИКТИН

# ЭСКЕРТМЕСИ

ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ
28.11.2021

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

IFES
Международный фонд избирательных систем

Бишкек-2021

## Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчиликтин төмөнкү түрлөрү каралган

1. Ушул Кодекстин 42-$42^2$, 43-48-беренелеринде каралган бузуулар жөнүндө иштер шайлоо комиссиялары тарабынан каралат.

2. Ушул Кодекстин $42^3$-статьясында каралган бузуулар жөнүндө иштер ички иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан каралат.

**42-берене. Шайлоо процессинин катышуучусунун укуктарын бузуу**

Шайлоочунун, шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн, Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкердин, депутаттыкка же жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын жетекчисинин кызмат ордуна талапкердин, ишенимдүү адамдын, ыйгарым укуктуу адамдын, байкоочунун, эл аралык байкоочунун укуктарын бузуу -

3-категориядагы айып салууга алып келет (жеке адамдарга - 5500 сом, юридикалык жактарга - 17000 сом).

**$42^1$-берене. Шайлоо комиссиясынын өз ыйгарым укуктарынын чегинде кабыл алган чечимдерин жана талаптарын аткарбоо**

Жеке жана юридикалык жактар тарабынан шайлоо комиссиясына шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган маалыматтарды же материалдарды белгиленген мөөнөттө бербөө, ошондой эле шайлоо комиссиясынын өз ыйгарым укуктарынын чегинде шайлоону даярдоо жана өткөрүү үчүн кабыл алган чечимдерин жана талаптарын аткарбоо -

3-категориядагы айып салууга алып келет (жеке жактарга - 5500 сом, юридикалык жактарга - 17000 сом).

**$42^2$-берене. Шайлоочунун атайылап жалган маалымат берүүсү**

Шайлоочу тарабынан шайлоо комиссиясына шайлоонун дарегин өзгөртүү жөнүндө атайылап жалган маалымат берүү, -

2-категориядагы айып салууга алып келет (жеке жактарга - 3000 сом).

**$42^3$-берене. Шайлоочунун (референдумдун катышуучусу) акча каражаттарын жана материалдык баалуулуктарды алуусу**

Шайлоочунун (референдумдун катышуучусунун) жеке өзү же ортомчу аркылуу өзүнүн активдүү шайлоо укугун жүзөгө ашыруу үчүн акча каражаттарын жана (же) материалдык баалуулуктарды сатып алып жаткан адамдын пайдасына пара алуу же ал өкүл болгон адамдардын пайдасына алуусу -

1-категориядагы (жеке жактарга 1000 сом) айып салууга алып келет.*Эскертүү. Ушул беренеде каралган аракетти жасаган адам, эгерде шайлоолорду жана референдумдарды даярдоодо жана өткөрүүдө акча каражаттарын жана материалдык баалуулуктарды алгандыгы жөнүндө өз ыктыяры менен билдирсе, жоопкерчиликтен бошотулат.*

**43-берене. Шайлоого катышуу үчүн өргүү берүүдөн баш тартуу**

Администрациянын (иш берүүчүнүн) депутаттыкка же башка шайлануучу кызмат ордуна катталган талапкерге, талапкердин ишенимдүү өкүлүнө же шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө мамлекеттик бийлик же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө катышуу үчүн мыйзамда белгиленген өргүү берүүдөн баш тартуусу -

1-категориядагы (жеке адамдарга - 1000 сомдон, юридикалык жактарга 5000 сомдон) айып салууга алып келет.

**44-берене. Шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү шарттарын бузуу**

1. Шайлоочу, байкоочу, талапкер же анын өкүлү, ишенимдүү адамы тарабынан шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн шарттарын бузуу -

4-категориядагы айып салууга алып келет (жеке адамдарга - 7500 сом, юридикалык жактарга - 23000 сом).

2. Ошол эле жосундар жалпыга маалымдоо каражаттары тарабынан жасалса, -

5-категориядагы айып салууга алып келет (жеке жактарга - 10 000 сом, юридикалык жактарга - 28 000 сом).

**45-берене. Талапкер жөнүндө атайылап жалган маалыматтарды таратуу**

Депутаттыкка же башка шайлануучу кызмат ордуна талапкер жөнүндө атайылап жалган маалыматтарды таратуу, талапкердин ар-намысына же кадыр-баркына шек келтирсе -

6-категориядагы айып салууга алып келет (жеке жактарга - 12500 сом, юридикалык жактарга -35000 сом).

**46-берене. Талапкердин ар-намысына, кадыр-баркына жана ишкердик беделине шек келтирүүчү маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу таратуу**

Шайлоо дайындалгандан тартып шайлоонун жыйынтыктары расмий жарыяланганга чейинки мезгилде талапкердин, саясий партиянын ар-намысына, кадыр-баркына жана ишкердик беделине шек келтирүүчү маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттары тарабынан таратуу -

8-категориядагы айып салууга алып келет (жеке жактарга - 17500 сом, юридикалык жактарга -55000 сом).

**47-берене. Анонимдүү үгүт материалдарын жайылтуу**

Мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө же референдумду өткөрүүдө аларды басып чыгарууга жоопту уюмдар жана адамдар жөнүндө маалыматтарды камтыбаган басма сөз материалдарын же чет өлкөлөрдө даярдалган материалдарды жайылтуу -

6-категориядагы айып салууга алып келет (жеке жактарга - 12500 сом, юридикалык жактарга -35000 сом).

**48-берене. Үгүт материалдарын жок кылуу же бузуу**

Депутаттыкка же башка шайлануучу кызмат ордуна талапкердин портретин, анын өмүр баяны жазылган жана имараттарда, курулуштарда же башка обьекттерде илинген плакатты, аудиовизуалдык материалдарды же башка үгүт материалдарын атайылап жок кылуу же бузуу -

4-категориядагы айып салууга алып келет (жеке адамдарга - 7500 сом, юридикалык жактарга - 23000 сом).

*Эскертүү. Үгүт материалдары анын макулдугусуз илинген имараттын, курулуштун же башка объекттин менчик ээси (ээси) ушул берене боюнча жоопкерчиликтен бошотулат.*

## Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчиликтин төмөнкүдөй түрлөрү каралган

*Укук коргоо органдары жана сот тарабынан каралат.*

**87-берене. Шайлоочунун башка адам үчүн добуш берүүсү**

Референдумдун, Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын, жергиликтүү кеңештердин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларын шайлоонун натыйжаларына таасир этүү максатында шайлоочунун башка адамга же адамдардын тобуна добуш берүүсү же ошого тете ошол эле максатта мындай аракеттерге катышуу -

II категориядагы айып салуу түрүндөгү жазага тартууга алып келет (жашы жетпегендерге - 15 миң сомдон 25 миң сомго чейин, башка адамдарга - 30 миң сомдон 60 миң сомго чейин)

**87[1]-берене. Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу**

1. Шайлоолорду жана референдумдарды даярдоодо, өткөрүүдө, добуш берүү күнү талапкерлердин, мамлекеттик жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмалардын жетекчилеринин талапкерди, талапкерлердин тизмесин шайлоо максатында административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануусу -

II категориядагы айып салууга алып келет (жеке жактарга - 30 000 сомдон 60 000 сомго чейин)

2. Ошол эле жосундар мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар, мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын жетекчилери, ошондой эле мамлекеттик (муниципалдык) үлүшү 30 пайыздан ашык болгон уюмдардын жетекчилери тарабынан жасалганда -

белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратуу менен II категориядагы (жеке жактарга - 30 000 сомдон 60 000 сомго чейин) айып салууга алып келет.

**87$^2$-берене. Шайлануучу кызматка талапкердин атайылап жалган маалымат берүүсү**

1.Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкердин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешининин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкердин, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын жетекчисинин кызмат ордуна талапкердин шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган туура эмес маалыматтарды, документтерди, анын ичинде башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу жөнүндө документти туура эмес берүүсү, ошондой эле көрсөтүүгө, каттоого жана шайлоого тоскоол болгон маалыматтарды жашыруусу - I категориядагы айып салууга алып келет (жеке жактар үчүн - 20 000 сомдон 30 000 сомго чейин)

2. Ошол эле жосундар мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар тарабынан жасалганда - белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратуу менен I категориядагы айып салууга (жеке жактарга – 20000 сомдон 30000 сомго чейин) жазаланат.

## Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине ылайык жоопкерчиликтин төмөнкүдөй түрлөрү каралган

*Укук коргоо органдары жана сот тарабынан каралат.*

**191-берене. Шайлоо укуктарын ишке ашырууга тоскоолдук кылуу**

1. Жарандын өзүнүн шайлоо укуктарын же референдумга катышуу укугун эркин жүзөгө ашыруусуна тоскоолдук кылуу, добуш берүүнүн купуялуулугун бузуу -

IV категориядагы коомдук жумуштарга (жашы жетпегендерге - 100 сааттан 120 саатка чейин, башка адамдарга - 280ден 360 саатка чейин) же III категориядагы түзөтүү жумуштарына (жашы жетпегендерге - 6 айдан 9 айга чейин, башка жеке адамдарга – 2 жылдан 2 жыл 6 айга чейин) же IV категориядагы айып салуу (жашы жете электерге - 80 000 сомдон 100 000 сомго чейин, башка жеке жактарга - 180 000 сомдон 220 000 сомго чейин) жазаланат.

2. Шайлоо комиссияларынын, референдум өткөрүү боюнча комиссияларынын иштерине же шайлоо комиссиясынын, референдум өткөрүү комиссиясынын ишине же шайлоо комиссиясынын, референдум боюнча комиссиянын мүчөсүнүн өз милдеттерин аткарууга байланышкан ишине тоскоолдук кылуу, анын ичинде өзүнүн ыйгарым укуктарын пайдалануу жолу менен, так айтканда кызмат абалынан пайдалануу менен анын чечимине таасир көрсөтүү, атап айтканда талапкерлерди, талапкерлердин тизмесин каттоо, шайлоочулардын добуштарын эсептөө боюнча жоопкер адамга, референдумдун катышуучулары же башка маселелер боюнча көрсөтмө берүү же талап кылуу, же болбосо шайлоо процессинде пайдаланылып жаткан мамлекеттик маалымат тутумдарынын маалыматтарын жасалма жасоо же иштөөсүн алдын ала бузууга аракет кылуу - IV категориядагы коомдук жумуштарга (жашы жетпегендерге - 100 сааттан 120 саатка чейин, башка адамдарга - 280ден 360 саатка чейин) же III категориядагы түзөтүү

жумуштарына (жашы жетпегендерге - 6 айдан 9 айга чейин, башка адамдарга – 2 жылдан 2 жыл 6 айга чейин) же IV категориядагы айып салуу (жашы жете электерге - 80 000 сомдон 100 000 сомго чейин, башка жеке жактарга - 180 000 сомдон 220 000 сомго чейин) жазаланат.

3. Ошол эле жосундар мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар тарабынан жасалса -

IV категориядагы түзөтүү жумуштарына (жеке жактарга - 2 жыл 6 айдан 3 жылга чейин) же V категориядагы айыпка (жеке жактарга - 220 000 сомдон 260 000 сомго чейин) жазаланат.

**192-берене. Шайлоочуларды сатып алуу**

1. Шайлоо мезгилинде акчалай каражаттарды берүү же таратуу, материалдык баалуулуктарды берүү же кандайдыр бир кызматка же башка пайда алууга көмөк көрсөтүү жолу менен шайлоочуларды сатып алуу -

IV категориядагы айып салуу менен жазаланат (жашы жете электерге - 80 000 сомдон 100 000 сомго чейин, башка адамдарга - 180 000 сомдон 220 000 сомго чейин).

2. Ошол эле жосундар Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин же жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер, мамлекеттик бийликтин башка шайлануучу органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат ордуна талапкер тарабынан, ошондой эле талапкердин жубайы, жакын туугандары жана ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, ишенимдүү адамдары тарабынан жасалса - V категориядагы айып салууга (жашы жете электерге - 100 000 сомдон 120 000 сомго чейин, башка адамдарга - 220 000 сомдон 260 000 сомго чейин) же I категориядагы эркиндигинен ажыратууга (жашы жете электерге - 1 жыл 6 айга чейин, башка адамдарга - 2 жылдан 2 жыл 6 айга чейин) жазаланат.

**193-берене. Шайлоо кампаниясын каржылоонун эрежесин бузуу**

Талапкердин, саясий партиянын шайлоо кампаниясын, референдумду өткөрүү боюнча демилгелүү топтун ишин каржылоонун эрежесин төмөнкүдөй жол менен бузуу:

1) шайлоодо же референдумда белгилүү бир натыйжага жетүү үчүн талапкерге, саясий партияга, референдум өткөрүү боюнча демилгелүү топко ири өлчөмдөгү акча каражаттарын же башка материалдык каражаттарды тиешелүү фондду айланып өтүү менен берүү;

2) шайлоодо же референдумда белгилүү бир натыйжага жетүү үчүн шайлоо фонддоруна, референдумдун фонддоруна чегерилбеген ири суммадагы акча каражаттарын чыгымдоо;

3) шайлоого же референдумга тике же кыйыр байланышкан жана шайлоодо же референдумда белгилүү бир натыйжа алууга же референдум өткөрүү демилгесин көтөрүүгө багытталган акы төлөнүүчү иштерди аткаруу, товарларды сатуу, акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүү; ири өлчөмдө тиешелүү фонддон төлөбөстөн же тиешелүү фонддон негизсиз арзан баада төлөө менен;

4) шайлоо же референдум жөнүндө мыйзамдарда тыюу салынган ири суммадагы төлөмдөрдү атайын адамдар аркылуу шайлоо фондуна же референдум фондуна салуу - IV категориядагы белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратуу (4 жылдан 5 жылга чейинки мөөнөткө) же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына (жашы жетпегендерге - 9 айдан 1 жылга чейин, башка адамдарга 2 жылдан 6 айдан 3 жылга чейин), же V категориядагы айып салуу (жашы жете электерге - 100 000 сомдон 120 000 сомго чейин, башка адамдарга - 220 000 сомдон 260 000 сомго чейин), же I категориядагы эркиндигинен ажыратуу (жашы жете электерге 1 жыл 6 айга чейин башка адамдарга 2 жыл 6 айга чейин) I категориядагы айып салуу менен (жашы жете электерге - 20 000 сомдон 40 000 сомго чейин, башка жеке жактарга - 60 000ден 100 000 сомго чейин) жазаланат.

***Эскертүү.*** *Ушул Кодекстин 193 жана 194-беренелеринде талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондунун, референдумдун фондунун бардык чыгымдарынын шайлоо жана референдум өткөрүү жөнүндө мыйзамдарда белгиленген максималдуу суммасынын ушул беренеде каралган ишти жасоо учурундагы ондон биринен ашкан акчанын суммасы, ошол эле учурда алар 5000ден кем эмес эсептик көрсөткүчтү түзгөн ири сумма деп таанылат.*

**194-берене. Шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүүдө акча каражаттарын мыйзамсыз пайдалануу**

Талапкердин, саясий партиянын талапкеринин же референдум өткөрүү боюнча демилгечи топтун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, алардын финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн төмөнкүчө жасалган аракеттери:

1) шайлоо өнөктүгүн жүргүзүү же референдум өткөрүү демилгесин көтөрүү максатында шайлоо фондуна, референдумдун фондуна түшпөгөн финансылык же материалдык каражаттарды ири өлчөмдө пайдалануу;

2) шайлоо жана референдум жөнүндө мыйзамдарда тыюу салынган жана шайлоонун атайын эсебине, референдумдун фондунун атайын эсебине чегерилген ири өлчөмдөгү кайрымдуулук каражаттарын сарптоо -

IV категориядагы белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратуу менен (4 жылдан 5 жылга чейинки мөөнөткө) же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына (жеке жактарга 2 жыл 6 айдан 3 жылга чейинки мөөнөткө) же V категориядагы айып (жеке адамдарга - 220 000 сомдон 260 000 сомго чейин), же 1 категориядагы эркиндигинен ажыратуу (жеке жактарга - 2 жыл 6 айга чейин) 1 категориядагы айып салуу (жеке адамдарга - 60 000ден 100 000 сомго чейин) менен жазаланат.

**195-берене. Шайлоо документтерин бурмалоо**

1. Шайлоо документтерин, референдумдун документтерин бурмалоо, добуштарды атайылап туура эмес эсептөө же шайлоонун, референдумдун натыйжаларын атайылап туура эмес аныктоо, эгерде бул жосундар шайлоо комиссиясынын, референдум комиссиясынын мүчөсү, талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү, ишенимдүү адамы, ошондой эле саясий партиянын, референдум боюнча демилгечи топтун ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан

жасалса - IV категориядагы түзөтүү жумуштарына (жеке жактарга 2 жыл 6 айдан 3 жылга чейин) же V категориядагы айыпка (жеке адамдарга - 220 000 сомдон 260 000 сомго чейин), же I категориядагы эркиндигинен ажыратуу (жеке адамдарга - 2 жыл 6 айга чейин) менен 2 жылга чейинки мөөнөткө белгилүү кызматтарды ээлөө же белгилүү иш жүргүзүү укугунан ажыратуу менен жазаланат.

2. Ошол эле жосундар:

1) шайлоо комиссиясынын же референдум өткөрүү боюнча комиссиянын төрагасы, төраганын орун басары, катчысы;

2) адамдардын тобу тарабынан алдын ала келишип алып жасалса - VI категориядагы айып салуу (жеке жактарга - 260 миң сомдон 300 миң сомго чейин) же II категориядагы эркиндигинен ажыратуу менен (жеке жактарга - 2 жыл 6 айдан 5 жылга чейин) белгилүү кызматтарды ээлөө же иш жүргүзүү укугунан 2 жылга ажыратуу менен жазаланат.

Эгерде сиз шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна күбө болсоңуз четте калбаңыз, бул тууралуу укук коргоо органдарына же ыкчам аракеттенүү боюнча координациялык топко төмөнкү телефондор боюнча кабарлаңыз:

КГОР БШК 1255/0 (312) 626246 // 0990 021255

КГОР АШК ------------------- / --------------------------

www.shailoo.gov.kg

**Таза шайлоо ар бирибизден көз каранды!**